БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ

УПРАВЛЕНИЕ ОБРАЗОВАНИЯ
МЭРИИ ГОРОДА БИШКЕК

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

15.08.2019г. 2019 год № 415

Бишкек шаары город Бишкек

**«2019-2020-окуу жылдары сапаттуу тамактанууну уюштуруу үчүн Бишкек шаарынын райондук билим берүү бороборлорунун, жалпы билим берүү уюмдарынын, атайын жана жалпы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын директорлорунун жеке жоопкерчилиги жөнүндө»**

2002-жылдын 27-июнундагы №111 "Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, 2009-жылдын 29-июнундагы №198 "Мектепке чейинки билим берүү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мектептеринде окуучуларды тамактандырууну уюштуруу жөнүндө" 2006-жылдын 12-июлундагы № 372 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 "Коомдук саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү актыларды бекитүү жөнүндө" токтомун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №673 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүүчү мектептеринде окуучулардын тамак-ашын уюштуруу жөнүндө" токтомун, Бишкек шаардык кеңешинин 2015-жылдын 20-майындагы №129 "Бишкек шаарындагы билим берүү уюмдарында балдардын тамак-ашын уюштуруу жөнүндө" токтомун, Бишкек шаарынын мэриясынын 2014-жылдын 18-августундагы №114 "Бишкек шаарындагы билим берүү уюмдарында тамак-аш уюштуруу жөнүндө" токтомун, Бишкек шаарынын МЧББУ, АМЧББУ, ЖББУ нун директорлорунун кызматтык нускамаларын аткаруу үчүн, балдарды сапаттуу тамактануу менен камсыз кылуу максатында БУЙРУК КЫЛАМ:

1.Райондук билим берүү борборлорунун деректорлоруна:

Бишкек шаарынын билим берүү уюмдарында балдардын тамактануусун уюштуруу кызмат көрсөтүүлөрүнө жана тамак-аш азыктарын сатып алуу боюнча конкурстарды "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык өткөрүлсүн.

- МЧББУ, АМЧББУ, ЖББУ тамактанууну уюштурууга контролду күчөтүлсүн;
- МЧББУ, АМЧББУ, ЖББУ алып келип жаткан тамак-аш азыктарынын сапатын жана өз убагында алып келүүсүн талаптарга ылайык камсыз кылынсын;
- тамак-аш азыктарын алып келүүгө келишимдерди администрациялоо жүргүзүлсүн;
- алып келип жаткан тамак-аш азыктарынын сапаттарына жана алардын конкурстук документациясынын жана келишимдин талаптарына карата шайкештигине контролдоо камсыз кылынсын;
- мектептердеги 1-4 жана 5-7 класстарда тамактанууну уюштуруу боюнча кызматтарды көрсөтүү боюнча келишимдерди администрациялоо жүргүзүлсүн;
- билим берүү уюмдарда тамактанууну уюштуруу жөнүндө жалпыланган отчетту Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгына, ай сайын 10-числосуна чейин берилсин;
- сапаттуу тамактанууну уюштуруу боюнча ушул буйрук менен бардык жоптуу адамдарды кол коюу менен тааныштырылсын.

2. Балдардын тамактануусунун сапаты жана уюштуруусуна жеке жоопкерчилик РБББнун директорлоруна, РБББнун жооптуу адистерине, ЖББУ директорлоруна, МЧББУ жана АМЧББУ директорлоруна жүктөлсүн.

3. МЧББУ, АМЧББУ, ЖББУ директорлору төмөнкүлөргө системалык контроль жүргүзсүн:

- тамак-аш азыктарынын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына, балдардын ден соолугу, өмүрү, айлана чөйрөнүн жана мүлктүн коопсуздугу үчүн алардын коопсуздугуна карата талаптарды аткарууга;
- өрт коопсуздук эрежелерин сактоого;
- күн сайын МЧББУ, АМЧББУ, ЖББУ жооптуу кызматкерлери менен биргеликте бракераж өткөрүлсүн;

-өлчөгөн приборлорду иштөөчү абалда кармоо, аларды колдонуучу тартипке ылайык текшерүүгө берилип турушун көзөмөлдөнсүн;

-ашканалардын жайларын, эмеректерди, технологиялык жана муздаткыч жабдыктарды туура колдонууну жана алардын сакталышын камсыз кылынсын:

- алынып келинип жаткан тамак-аш азыктарынын сапатына жана ташылып келишине;

-балдар үчүн жашоого зарыл тамак-аш азыктарынын толук топтомунун бар болушуна;

- тамак-аш азыктарынын сакталышы жана колдонуу мөөнөттөрүн сактоо шарттарына;
- келечектүү 20 күндүк меню-талаптарды түзүү, балдарды күндүзгү тамактануусунун рационун баалоого;
- менюда колдонулган азык-түлүктөрдүн ассортиментин, казанга азык-түлүктөрдүн салынышын, тамактын чыгышы, даяр тамакка органолептикалык баалоону жүргүзүүгө;
- балдардын иш жүзүндөгү санына карата меню-талаптарды тариздөөгө;
- жаш курактык өзгөчөлүктөргө ылайык бир балага карата тамактануунун накта ченемдерин сактоого;
- менюга ылайык даяр тамактын сапаты жана тамакты даярдоо технологиясына;
- тамактануу режимин аткарууга;
- электр энергиянын лимитин сактоого;
- билим берүү уюмдун кызматкерлери тарабынан медициналык кароодон өз убагында өтүү, балдардын арасында инфекциялык ооруларды жана уулаанууну болтурбоо үчүн тамакты даярдоодо жана таратууда санитардык-гигиеналык эрежелерди сактоого;

- МЧББУ, АМЧББУ, ЖББУ директорлору ички буйруктарды аткарууга контролду күчөтсүн;

- МЧББУ, АМЧББУ, ЖББУ тамактануунун сапатын жана уюштурууну контролдоо боюнча администрациянын, педагогикалык кызматкерлеринин жана ата-энелеринин санынан туруктуу иштөөчү комиссиянын ишин күчөтүү (буйрук, протоколдорду, актыларды түзүү).

4. Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын мамлекеттик сатып алуулар жана тамактанууну уюштурууну контролдоо бөлүмүнүн башчысы Н. Байгулов РББун жана билим берүү уюмдарда тамактанууну уюштурууну контролго алсын. Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы жалпы билим берүүчү уюмдарда, МЧББУ, АМЧББУ тамактануунун сапатын жана уюштурууну

контролдоо боюнча бардык кызыкдар тараптардын, райондук администрациянын, педагогикалык кызматкерлеринин жана ата-энелеринин санынан туруктуу иштөөчү комиссиянын ишин күчөтсүн (буйрук, протоколдорду, актыларды түзүү)

5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Начальник** **С. Мейрманова**

Атк. Байгулов Н.О.
Тел. 622339